# Акцияны өткөрүү эрежелери

Эсепти онлайн ачыңыз жана Visa Signature менен артыкчылыктар дүйнөсүнө мүмкүндүк алыңыз

**1. Жалпы жоболор**

**1.1. Акциянын аталышы: «Сонун таасирлерди утуп алыңыз!**
Эсепти онлайн ачыңыз жана Visa Signature менен артыкчылыктар дүйнөсүнө мүмкүндүк алыңыз» (мындан ары – «Акция»).
1.2. **Акциянын уюштуруучусу:** «КСБ Коммерциялык Банкы» Жабык акционердик коому, Улуттук банктын 07.05.1992-ж. № 020 лицензиясы (мындан ары – «Банк»).
1.3. **Территория проведения Акции:** Кыргызская Республика.
1.4. **Акциянын максаты:** Банктын «KSB Online» мобилдик тиркемеси аркылуу аралыктан банктык кызмат көрсөтүүнү жайылтуу, кардарларды Visa Signature премиум карталарын тариздөөгө тартуу, эсептерди онлайн ачууга жана Visa Signature карталары боюнча накталай эмес транзакциялардын көлөмүн көбөйтүүгө дем берүү.
1.5. **Акцияны өткөрүү мөөнөтү:**
* **Башталуу күнү:** 2026-жылдын 01-августу.
* **Аяктоо күнү:** 2026-жылдын 30-ноябры (кошо алганда).
1.6. Акция является стимулирующим мероприятием Банка, не является лотереей, азартной игрой или пари. Определение победителей Акции основано на их активности в соответствии с настоящими Правилами. Акция Банктын дем берүүчү иш-чарасы болуп саналат, ал лотерея, азарттуу оюн же мелдеш (пари) болуп саналбайт. Акциянын жеңүүчүлөрүн аныктоо ушул Эрежелерге ылайык алардын жигердүүлүгүнө негизделет.
1.7. Акцияны өткөрүүнүн ушул Эрежелери (мындан ары текст боюнча – «Эрежелер») Акцияны өткөрүүнүн шарттарын жана тартибин, анын ичинде катышуу шарттарын, белектердин түрлөрүн, мөөнөттөрүн, жеңүүчүлөрдү аныктоо жана аларга белектерди тапшыруу тартибин, ошондой эле Акциянын башка олуттуу шарттарын аныктайт.
1.8. Ушул Эрежелер Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 398-беренесине ылайык ачык оферта катары таанылат. Банктын «KSB Online» мобилдик тиркемесинде аралыктан идентификациялоо процедурасынан өтүү жана/же «KSB Online» мобилдик тиркемеси аркылуу Visa Signature картасын чыгарууга өтүнмө берүү боюнча аракеттер Кардар тарабынан Эрежелерди толук жана шартсыз акцептөө (кабыл алуу) жана анын ушул Эрежелерге кошулуу учуру болуп эсептелет. Кардар тарабынан Эрежелерди акцептөө (кабыл алуу) Кардар Эрежелердин колдонулуп жаткан редакциясы менен таанышкандыгынын жетиштүү ырастоосу болуп саналат.
1.9. Ушул Эрежелерде колдонулуучу терминдер жана аныктамалар:
- Кардар – Банкта өз алдынча да, өкүлдөрү аркылуу да банктык эсепке ээ болгон же аны ачууга ниети бар жеке жак.
- Мобилдик тиркеме – бул Банктын Кардарларына өздүк мобилдик телефону аркылуу мобилдик тиркеменин жардамы менен финансылык операцияларды жүзөгө ашырууга мүмкүндүк берүүчү «KSB Online» аралыктан банктык кызмат көрсөтүү платформасы.
- Онлайн-идентификация – Банктын «KSB Online» Мобилдик тиркемеси аркылуу жүзөгө ашырылуучу, аралыктан режимде Кардардын инсандыгын аныктоо жана ырастоо процедурасы.
- Транзакция – Кардардын Акциянын шарттарына ылайык келген чыгымдоо операциясы.

**2. Акциянын катышуучулары**

2.1. Акцияга Кыргыз Республикасынын жараны болгон, 18 жашка толгон аракетке жөндөмдүү жеке жактар, анын ичинде Visa Signature картасы жок Банктын иштеп жаткан

Кардарлары жана ушул Эрежелердин шарттарын аткарган жаңы Кардарлар (мындан ары – «Катышуучулар») катыша алышат.

2.2. 2026-жылдын 01-августунан кийин Visa Signature картасын тариздеген Кардарлар Мобилдик тиркемеде бир эле учурда онлайн-идентификациядан өтүү шартында Акцияга катышат.
2.3. Мурда идентификациядан өткөн жана KSB Online мобилдик тиркемесинде ачык эсеби бар, бирок Visa Signature картасы жок Банктын иштеп жаткан кардарлары.
2.4. **Акцияга төмөнкүлөр катыша алышпайт:**

* Банктын кызматкерлери.
* Банктын кызматкерлеринин жакын туугандары (жубайлары, ата-энелери, балдары, багып алгандар, багып алынгандар, бир туугандар жана жарым-жартылай бир туугандар, чоң аталар, чоң энелер, таяталар, таянелер, неберелер).
* Банк менен байланышы бар адамдар.

* Көрсөтүлгөн жактар жеңүүчү катары аныкталган учурда, алардын натыйжасы жокко чыгарылат жана байге рейтинг боюнча кийинки Катышуучуга берилет.

**3. Катышуу шарттары жана Акциянын механикасы**

Акцияга автоматтык түрдө катышуу үчүн Катышуучу Акциянын колдонуу мөөнөтүндө ырааттуу түрдө 4 кадамдан өтүшү керек:
3.1. Мобилдик тиркемени жүктөп алуу жана орнотуу.
3.2. Мобилдик тиркемеде Онлайн-идентификация процедурасынан өтүү. Талап кылып алынганга чейинки эсеп Мобилдик тиркемеде өткөн Онлайн-идентификациянын жыйынтыгынын негизинде автоматтык түрдө ачылат, Кардардын кошумча кайрылуусу талап кылынбайт.
3.3. Мобилдик тиркеме аркылуу Visa Signature премиум картасын чыгарууга өтүнмө берүү. Эсеп Банк тарабынан тиешелүү ички текшерүү процедуралары жүргүзүлгөндөн кийин Катышуучу тарабынан берилген жана кол коюлган арыздын негизинде ачылат. Акциянын алкагында Visa Signature картасын жылдык тейлөө баасы 3500 сомду түзөт (Банктын стандарттык тарифинен 50% арзандатуу).
3.4. Visa Signature картасы менен төмөнкү лимиттерге ылайык келген товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн акы төлөө боюнча накталай эмес операцияларды жүргүзүү:

- Бир транзакциянын минималдуу суммасы 2 000 (эки миң) сомдон ашышы керек.
- Катышуучунун Акциянын бардык колдонуу мөөнөтүндөгү транзакцияларынын жалпы көлөмү (суммасы) Башкы байгеге квалификация алуу үчүн **100 000 (жүз миң) сомдон** ашышы керек.
- **Кайталанма транзакцияларга убактылуу чектөөлөр:** Акциянын алкагында бир эле POS-терминалда 30 (отуз) мүнөттүн ичинде жасалган 1 (бирден) ашык эмес транзакция жана E-commerce транзакциясы эсепке алынат. Мурдагысынан **30 мүнөттөн** эрте ошол эле POS-терминалда жасалган ар бир кийинки транзакция транзакциялардын жалпы көлөмүнүн эсебинде жана Башкы байгеге квалификация алуу үчүн эске алынбайт.

3.5. Акцияда соода-тейлөө ишканаларындагы POS-терминалдар аркылуу жүргүзүлгөн транзакциялар эске алынат.
3.6. Эсептөөгө Банктын Автоматташтырылган банктык тутуму (АБТ) боюнча 01.08.2026-ж. баштап 30.11.2026-ж. чейинки мезгилде иш жүзүндө жүргүзүлгөн транзакциялар гана кабыл алынат. Көрсөтүлгөн мөөнөткө чейин же андан кийин жасалган операциялар эске алынбайт.
3.7. Акцияда эске алынбаган операциялар:

- Банкоматтарда жана кассаларда накталай акча каражаттарын алуу.
- Картадан картага которуулар (P2P) же башка банктык эсептерге которуулар.
- Кийинчерээк каражаттарды кайтаруу жүргүзүлгөн операциялар (Chargeback).

- Товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө түз төлөө катары классификацияланбаган мобилдик тиркемелер аркылуу төлөмдөр (балансты толуктоо, коммуналдык кызматтар үчүн төлөө ж.б.).

**4. Байге фонду**

4.1. **Аралык байгелер:** Байгелер Акцияны өткөрүүнүн бардык мезгилинде триггердик механика боюнча тапшырылат: байгени Мобилдик тиркемеде онлайн-идентификациядан өткөн ар бир 200-чү, 500-чү, 1000-чи, 1500-чү, 2000-чи, 2500-чү жана 3000-чи, 3500-чү, 4000-чи, 4500-чү, 5000-чи Катышуучу Онлайн-идентификациядан өтүү ирети боюнча алат. Аралык байгелер фондунун курамы өнөктөштөр менен биргеликте түзүлөт: Seven, Hyatt, Sheraton, World Class, Baytur Resort, L'Occitane ж.б.

4.2. **Башкы байгелер (Акциянын жыйынтыгы боюнча):**

- **1-орун:** Эки кишиге Швейцарияга тур.
- **2-орун:** World Class фитнес-клубуна жылдык абонемент.
- **3-орун:** «Baytur Resort and Spa» эс алуу борборуна эс алуу сертификаты (5 түн / 6 күнгө).

4.3. Байгелер акчалай эквивалентке алмаштырылбайт.

4.4. Салыктарды эсептөө жана төлөө максаттары үчүн зарыл болгон байгелердин наркы төмөнкү өлчөмдөрдө белгиленген: Башкы байге (1-орун) – эки кишиге Швейцарияга тур – байге тапшырылган датага карата 920 000 (тогуз жүз жыйырма миң) сомго эквиваленттүү өлчөмдө; 2-орун – World Class фитнес-клубуна жылдык абонемент – 105 000 (жүз беш миң) сом; 3-орун – Baytur Resort and Spa эс алуу борборуна сертификат – 105 000 (жүз беш миң) сом. Аралык байгелердин наркы жеңүүчүгө Банк тарабынан аларды тапшырууда кошумча кабарланат. Байгелердин наркы валюталардын алмашуу курсуна жараша аларды алуу учурунда өзгөрүшү мүмкүн.

4.5. Байгелерди алууга байланыштуу бардык салыктар жана милдеттүү төлөмдөр, эгерде Уюштуруучу тарабынан башкасы кабарланбаса, жеңүүчүлөр тарабынан өз алдынча төлөнөт. Акцияга катышуу жана ушул Эрежелерге макул болуу менен, Акциянын Катышуучусу ушул Эрежелердин 4.4-пунктунда көрсөтүлгөн байгенин наркына таянуу менен, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык байгени алууга байланыштуу 10% өлчөмүндө киреше салыгын өз алдынча төлөө милдети жөнүндө тийиштүү түрдө кабардар кылынды деп эсептелет.

**5. Жеңүүчүлөрдү аныктоо**

5.1. Аралык байгелердин жеңүүчүлөрүн аныктоо Мобилдик тиркемеде онлайн-идентификациядан өткөн Катышуучулардын иреттик номеринин негизинде автоматтык түрдө жүзөгө ашырылат. Кийинки этаптын иреттик номери жана критерийлери жөнүндө маалымат Банк тарабынан ай сайын социалдык тармактарда жарыяланып турат. Аралык байгени утуучу Катышуучу Акциянын кийинки аралык этаптарында кайрадан жеңүүчү боло албайт, бирок башкы байгелер үчүн күрөшкө катышууну улантат.

5.2. Башкы байгелердин жеңүүчүлөрүн аныктоо: 3-бөлүмдүн талаптарынын бардык пункттарын аткарган жана Акциянын колдонуу мезгилинде Visa Signature картасы боюнча транзакциялардын эң көп суммалык көлөмүнө (жүгүртүүсүнө) ээ болгон Катышуучу жеңүүчү деп таанылат.

- Кийинки байгелүү орундар транзакциялардын көлөмүнө ылайык рейтинг боюнча төмөн бөлүнөт.

- Маалыматтар Банктын автоматташтырылган банктык тутумунан так **2026-жылдын 30-ноябрына** карата чыгарылат. *Тең чыгууну фиксациялоо эрежеси: Эки же андан көп Катышуучуда транзакциялардын суммалык көлөмү тең болгон учурда, тиешелүү мезгилде транзакциялардын саны көп болгон Катышуучу жеңүүчү деп таанылат.

**6. Байгелерди тапшыруу тартиби жана мөөнөттөрү**

6.1. Акциянын жыйынтыгы жана башкы байгелердин жеңүүчүлөрүнүн тизмеси Акция аяктагандан кийин **20 (жыйырма) жумушчу күндүн** ичинде Банктын расмий **www.ksbc.kg**

сайтында жана Банктын социалдык тармактардагы баракчаларында чыгарылат жана жарыяланат.
6.2. Аралык байгелердин жеңүүчүлөрүнүн ысымдары ар бир айлык мезгил аяктагандан кийин 5 (беш) жумушчу күндүн ичинде жарыяланат.
6.3. Банктын кызматкерлери жеңүүчүлөргө утуш жөнүндө Банктын маалымат базасында көрсөтүлгөн байланыш маалыматтары боюнча кабарлашат (телефон чалуу, SMS-билдирүү).
6.4. Жыйынтыктар жарыяланган учурдан тартып 5 (беш) жумушчу күндүн ичинде жеңүүчү менен байланышууга мүмкүн болбогон учурда, анын байгеси жокко чыгарылат жана рейтингде кийинки Катышуучуга берилет.
6.5. Байгени алуу үчүн жеңүүчү Банк тарабынан көрсөтүлгөн бөлүмгө инсандыгын ырастаган документ (паспорт) менен келиши керек.
6.6. Акциянын жеңүүчүсү Банктын утуш жөнүндө кабарлоосунан кийин 5 (беш) жумушчу күндөн кечиктирбестен Банкка анын Акцияга катышуусу жана байгени алуусу үчүн зарыл болгон жеке маалыматтарын жыйноого, иштеп чыгууга жана үчүнчү жактарга берүүгө (көрсөтүүгө), анын ичинде аларды жалпыга маалымдоо каражаттарында жана Банктын расмий сайтында жарыялоого жазуу жүзүндөгү макулдугун берүүгө милдеттүү. Жеңүүчү ошондой эле Банк тарабынан кандайдыр бир сыйакы төлөнбөстөн, Акцияга катышуусу жөнүндө жарнамалык интервью берүүгө (анын ичинде радиодо, телевидениеде, башка жалпыга маалымдоо каражаттарында жана социалдык тармактарда), жарнамалык материалдарды (фото, видео) даярдоо үчүн тартылууга, ошондой эле мындай интервьюларды жана материалдарды жалпыга маалымдоо каражаттарында, социалдык тармактарда жана Банктын расмий сайтында жарыялоого жана жайылтууга жазуу жүзүндө макулдук берет. Мындай материалдарга өзгөчө укуктар Банкка таандык. Жеңүүчү жазуу жүзүндө байгеден баш тарткан же көрсөтүлгөн макулдукту бербеген учурда, жеңүүчү байгени алуу укугунан ажырайт.
6.7. Эгерде инсандыгын ырастаган документте көрсөтүлгөн фамилиясы, аты, атасынын аты жана туулган күнү Катышуучунун Мобилдик тиркемесинде көрсөтүлгөн идентификациялык маалыматтарга дал келбесе, кайрылган адамга байге берилбейт.
6.8. Байгеге болгон менчик укугу жеңүүчүгө ал алынган жана байгени алгандыгын ырастаган документке кол коюлган учурдан тартып өтөт. Ошол учурдан тартып Банк байгенин жоголушу же бузулушу менен байланышкан тобокелдик үчүн жоопкерчилик тартпайт.
6.9. Банк жеңүүчүнүн байгеден баш тартуусу же ушул Эрежелердин шарттарына ылайык анын байгени алуу укугун жоготуусу үчүн жоопкерчилик тартпайт.
6.10. Эгерде аткара албоо тараптар тиешелүү милдеттенменин мүнөзү боюнча алардан талап кылынгандай адал ниети, кыраакылык жана камкордук менен алдын ала көрө албаган же акылга сыярлык чаралар менен алдын ала албаган жеңгис күч жагдайларынын (форс-мажор) кесепети болуп саналса, Банк ушул Эрежелер боюнча милдеттенмелерди жарым-жартылай же толук аткарбагандыгы үчүн жоопкерчиликтен бошотулат. Жеңгис күч жагдайларына төмөнкүлөр кирет: суу ташкыны, өрт, жер титирөө, жардыруу, шторм, жаратылыштын башка кубулуштары, эпидемиялар, пандемиялар, ошондой эле согуш же согуштук аракеттер, массалык башаламандыктар, мамлекеттик бийлик же башкаруу органдары тарабынан ушул Эрежелерде каралган милдеттенмелерди аткаруунун мүмкүн эместигине алып келген чечимди же актыны кабыл алуу.
6.11. Акциянын жеңүүчүлөрүн аныктоого байланышкан бардык маселелерге тиешелүү Банктын чечимдери акыркы болуп саналат жана Акциянын бардык Катышуучулары үчүн милдеттүү.

**7. Акциянын катышуучуларынын укуктары жана милдеттери**
7.1. Акциянын Катышуучулары төмөнкүлөргө укуктуу:

- Акциянын шарттары жана уюштуруучусу жөнүндө толук жана достовердүү маалымат алууга;
- Акциянын шарттары сакталганда байге алууга;
- Акция өткөрүлүүчү мезгилде каалаган убакта Акцияга катышуудан баш тартууга.
7.2. Акциянын Катышуучусу төмөнкүлөргө милдеттенет:
- Акциянын бардык шарттарын аткарууга;
- байгени өткөрүп берүүдө бардык зарыл документтерге кол коюуга;
- мыйзамдарда каралган салыктарды төлөөгө;
- Акциянын шарттарын бузган аракеттерди жасабоого.

**8. Банктын укуктары жана милдеттери**
8.1. Банк төмөнкүлөргө укуктуу:
- Акциянын эрежелерине өзгөртүүлөрдү киргизүүгө;
- Акцияны өткөрүүгө байланыштуу максаттарда Акциянын Катышуучулары тарабынан берилген маалыматтарды пайдаланууга;
- Акциянын шарттары бузулганда катышуудан баш тартууга же байге алуу укугунан ажыратууга;
- Катышуучуларга Банктын расмий сайтында маалымат жайгаштыруу аркылуу кабарлап, каалаган убакта Акцияны мөөнөтүнөн мурда токтотууга.
8.2. Банк төмөнкүлөргө милдеттенет:
- Акцияны ушул Эрежелердин шарттарына ылайык өткөрүүгө;
- Катышуучуларга Акциянын шарттарынын өзгөргөндүгү жөнүндө өз убагында кабарлоого.

**9. Башка шарттар**
9.1. Банк Акцияны өткөрүүнүн шарттарына жана мөөнөттөрүнө өзгөртүүлөрдү киргизүү укугун өзүнө калтырат, бул жөнүндө маалыматты Банктын расмий сайтында жарыялоо аркылуу Катышуучуларга алдын ала кабарлайт.
9.2. Кардар иштеп жаткан редакция менен таанышуу үчүн Эрежелерди үзгүлтүксүз карап чыгууга милдеттенет жана мындай таанышпоонун кесепеттери үчүн жоопкерчилик тартат. Кардар ушул Эрежелердин шарттары менен алдын ала таанышканын, алар өзүнө түшүнүктүү экенин ырастайт жана кошулуу шарттарында эч кандай алып салууларсыз жана чектөөлөрсүз Эрежелердин бардык шарттарын толук жана шартсыз кабыл алат, өз макулдугун билдирет.
9.3. Банк утуу мүмкүнчүлүгүн жогорулатуу максатында Катышуучу тарабынан алдамчылык аракеттер же алдоо аракеттери аныкталган учурда байгени берүүдөн бир тараптуу баш тартууга укуктуу.
9.4. Акцияга катышуу менен Катышуучу ушул Эрежелер менен таанышканын жана толугу менен макул экенин ырастайт.
9.5. Акцияны өткөрүүгө байланыштуу бардык маселелер боюнча Банктын кардарларды колдоо кызматына кайрылууга болот:

- Телефон: күнү-түнү колдоо 2424
- Whats App: +996 (705) 54 34 24
- Электрондук почта: bank@ksbc.kg
- Расмий сайт: www.ksbc.kg